Математикалык жөндөмдүүлүктү мүнөздөгөн белгилер; барынан мурун эмгекти сүйүүчүлүк, уюшкандык, өз алдынчалуулук, максатка умтулуучулук, өжөрлүк, интеллектуалдык сапаттарынын туруктуулугу, тынымсыз акыл эмгегинен канааттануу сезими, чыгармачылыкт,тактык ж.б.

Ошентип, математиканы окуп-үйрөнүүдөгү жөндөмдүүлүк деп, биз математикалык окуу ишмердүүлүгүнүн талаптарына жооп берген жана окуу предмети катары математиканы чыгармачылык менен кабыл алуу ийгилиги бирдей шартта ишке ашкан, б.а.математика боюнча билимге, билгичтикке, көндүмгө салыштырмалуу тез , женил жана терен ээ болуучу жекече психологиялык өзгөчөлүктөрдү түшүнөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бабанский Ю.К. Избранные педагогические труды-1989.- 138с.
2. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык меселелери / Н.Б. Бекбоев. – Б.: «Педагогика века», 2004. – 384 б.
3. Крутецкий В.А. Психология математических способностей школьников.-М., 1968.-430с.
4. Шадриков В.Д. Способности, одаренность, талант // Развитие и диагностика способностей. М., 1991. - 218с.



УДК: 373.24
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-282-286



**Каниметова Б.С.**
И. Арабаев атындагы КМУнун магистранты.
**Каниметова Б.С.**
магистрант КГУ им. И. Арабаева
**Kanimetova B.S.**
undergraduates of KSU named after I. Arabaeva


# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕНИН ДИЗАЙНЫНЫН БАЛАНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ РОЛУ

# РОЛЬ ДИЗАЙНА ДОШКОЛЬНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЙ В РАЗВИТИИ РЕБЕНКА

# DESIGN ROLE OF PRESCHOOL EDUCATIONAL INSTITUTIONS IN CHILD DEVELOPMENT


**Аннотация:** Биздин бала-бакчалардын көбү учурдагы талаптарга жана стандартка туура келе беришпейт. Маселени бөлмөлөрдүн туура жана кызыктуу дизайн-интерьерин түзүү татаалдаштырат. Мектепке чейинки мекемелердин жакшы ойлонуштурулган дизайны балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн, кыялдарынын жана элестетүүлөрүнүн өнүгүүсүнө чоң мүмкүнчүлүктөрдү жана потенциалды жаратат. Дизайн өзүнө илимди, искусствону, чыгармачылыкты, технологияны жана психологияны камтыйт. Мектепке чейинки билим берүү мекемеси – өзгөчө жай, билим берүү тепкичиндеги эң алгачкы кадам, жана эң негизгиси, анда баланын пландуу, педагогикалык жактан негизделген, ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталышы керек. Мектепке чейинки жаш курактагы бала ар тараптан өнүгүүсү маанилүү, себеби ал үчүн андан маанилүү эч нерсе жок.

**Аннотация:** Наши детские сады не всегда соответствуют современным требованиям и стандартам. Усложняет задачу создания правильного и интересного дизайна интерьера помещений. Хорошо продуманный дизайн дошкольных учреждений представляет огромный потенциал и большие возможности для развития творческих способностей, фантазии и воображения детей. Это не только часть культуры. Он включает в себя науку, искусство, творчество, технологию и психологию. ДОУ - место совершенно особенное, это первая

ступень в длинной лестнице образования, и очень важно, чтобы все в нем было направлено на планомерное, педагогически обоснованное, всестороннее развитие ребенка. В младшем возрасте ребенку особенно важно развиваться во всех направлениях, для него пока нет ничего приоритетного или напротив, менее важного.

**Annotation:** Our kindergartens do not always meet modern requirements and standards. It complicates the task of creating the right and interesting interior design. The well-thought-out design of preschool institutions represents enormous potential and great opportunities for the development of creative abilities, imagination and imagination of children. This is not only part of the culture. It includes science, art, creativity, technology and psychology. DOE is a very special place, this is the first step in the long staircase of education, and it is very important that everything in it is aimed at the systematic, pedagogically sound, comprehensive development of the child. At a young age, it is especially important for a child to develop in all directions, for him there is nothing priority yet or, on the contrary, less important.

**Негизги сөздөр:** дизайн, таанып-билүү процесстери, өнүгүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүк, өзүн өзү көрсөтүү, мектепке чейинки жаш курак.

**Ключевые слова:** дизайн, познавательные процессы, развитие, творческие способности, самовыражение, дошкольный возраст.

**Key words:** design, cognitive processes, development, creative abilities, self-expression, preschool age.

Мектепке чейинки өнүгүү мезгили – бул адам жашоосундагы бирден бир маанилүү учур. Бул мезгилде балага туура чөйрөнү уюштуруу абдан маанилүү. Тилекке каршы жашоонун заманбап кыймылында бардык эле ата-энелер балага жетиштүү деңгээлде көңүл бура алышпайт, бул учурда аларга мектепке чейинки мекеме жардамга келет.

Бирок, биздин бала-бакчалар учурдун талаптарына жана стандартына дайым эле ылайык боло алышпайт.

Л.С. Выготскийдин айтуусун эске алуу менен, «балдар дизайны», биздин оюбуз боюнча, чыгармачылык жөндөмдөрдү, фантазияны жана элестетүүнү өнүктүрүү үчүн чоң потенциал жана чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет» [1].

Көркөм ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнө ээ болуу менен балдар айланадагы кубулуштарды жана буюмдардын сүрөтүн түзүү мүкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ар түрдүү программаларда ар түрдүү көркөм материалдар менен таанышуу каралган, бирок муну менен бирге балдарды окутууда ар түрдүү педагогикалык технологияларды колдонуу керек, бул чыгармачылык ишмердүүлүктүн эффективдүү өнүгүүсүнө таасир тийгизет.

Мектепке чейинки тарбия берүү системасындагы программалар жана технологиялар баланын индивидуалдуу чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды табууга жардам берген маалыматтын чоң көлөмүн камтыйт. Бирок, балдар дизайны сыяктуу мындай ишмердүүлүк аз иштелген жана учурда методикалык жана практикалык адабияттарда көп берилген эмес. Ошентсе да, теориялык жактан бул көйгөй белгилүү окумуштуулар Г.Н. Пантелеева жана И.А. Лыкова тарабынан негизделген.

Дизайн – бул көркөм конструкциялоонун заманбап искусствосу, чөйрөнү рационалдуу түзүүнүн үлгүсүн иштеп чыгуу. Бул көйгөйдү чечүү боюнча аң-сезимдүү жана интуитивдүү аракеттер, ал эч качан жалгыз туура чечим болбойт. Адистер тарабынан «балдар дизайны» балдардын баарлашуусунун жана ишмердүүлүгүнүн формаларынын өнүгүшүнө таасир тийгизген, коомго пайдалуу көркөм-декоративдик чыгармачылык катары аныкталат. Мектепке чейинки мекемелер балага жаратылыштын кооздугу, искусство, дизайнга болгон кооздук сезимин калыптандырат [2]. Балдар дизайны баланын өзүн-өзү ачууга, өнүктүрүүгө, кызматташтыкка жана биргелешкен чыгармачылыкка негизделген, бир гана гумандуу методдор жана ыкмаларды колдонуу менен, чоңдор тарабынан эч кандай тыюусуз, эч басымсыз, эркин, баланын инсандыгын, анын индивидуалдуулугун ачууга, анын чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө багытталган.

Бала-бакча практикасы көрсөткөндөй эстетикалык, дизайндык интерьерде чоңойгон

бала көркөм чыгармачылыкка, айлана-чөйрөнү, кийимди, интерьерди жасалгалоого жөндөмдүү болуп чоңоюшат, баштапкы дизайнердик көндүмдөрү калыптанат.

Дизайн чөйрөсү ар түрдүү жана абдан кеңири. Дизайн – бул маданияттын гана бөлүгү эмес, ал өзүнө илимди, искусствону, чыгармачылыкты, технологияны, психологияны камтыйт. Дизайн – бул инсанды калыптандыруудагы билим берүү чөйрөсү. Балдарды көркөм-конструктордук ишмердүүлүккө кошуу алардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу чөйрөсүн олуттуу түрдө кеңейтет. Учурда дизайндын тез өнүгүүсүнүнө карабастан билим берүүнүн баштапкы этабында дизайн кенири тарай элек. Ошого карабастан дизайн учурдагы коомдун маданиятынын калыптануусуна чоң таасирин тийгизет.

Дизайн руханий жана эстетикалык маданияттын курамдык бөлүгү болуп, анын көркөм ишмердүүлүктүн башка түрлөрү менен болгон интеграциясына, алардын балдардын интеллектуалдык потенциалынын калыптанышы, чыгармачылык өз алдынчалыгынын өнүгүшү үчүн чоң маданий баалуулукка ээ болгон искусствонун синтези катары биригишине таасир берет .

Дизайн ишмердүүлүктүн түрү катары комфорттуу жана эстетикалык жактан ачык чөйрөнү түзүүгө багытталган. Дизайндын аныктамасында «дизайндын» активдүү өзгөртүүчү, чыгармачылык маңызы чагылдырылган. Ишмердүүлүк гармониялык айлана-чөйрөнү иштеп чыгууга жана түзүүгө багытталган [3]. Гармониялык, б.а. адамдын эстетикалык, социалдык, психологиялык талаптарын толук канааттандырууга мүмкүнчүлүк берген комфорттуу, функционалдуу, ишенимдүү жана кооз дүйнө. Дизайн өзүнө интеллектуалдык, логикалык, көркөм, эмоционалдык-эстетикалык кабыл алууну үзгүлтүксүз бириктирген комплекстүү ишмердүүлүк болуп саналат.

Балдар бөлмөсүнүн дизайнынын негизи балдардын кызыгуусун жараткан, өзгөчө микродүйнөнү түзүү саналат.

Бул төмөнкү функционалдуу зоналарды жасалгалоо аркылуу ишке ашат:

– оюн;
– иш орду;
– тамактануучу жай;
– уктоо бөлмөсү.

1. Бала-бакчанын интерьери официалдуу мекемеге окшош болбоосу керек. Бөлмөнү жайлуу кылууга чоң жумшак оюнчуктар, жеңил ачык түстөгү пардалар, диван жаздыктары аркылуу жетүүгө болот.
2. Балдар эмереги жетиштүү деңгээлде бышык болууга тийиштүү, себеби ал бат кызматтан чыгат. Интерьер жана эмерек буюмдар туура көлөмдө жана бийиктикте болуусу керек, тайпадагы балдардын боюна жараша тандалышы керек.
3. Эмеректи оюн жана көнүгүү жасоо үчүн кенен мейкиндик калгыдай кылып жайгаштыруу керек.
4. Бөлмөлөрдө жеңил жылуучу эмерек жана альбом, калемдер, кол жасалгалоолор үчүн материалдар, оюнчуктар бар оюн аралчаларын караштыруу керек. Мындай зонада ачык дизайн керек.
5. Интерьерди жасалгалоонун дагы бир маанилүү компоненти – мультфильм каармандары жана жаныбарлар тартылган, дубалда илинген ар түрдүү сүрөттөр. Алар шайыр, комфорттуу абалды түзүшөт.
6. Проектте, балдар тарткан сүрөттөр жана жасаган жасалгалары орун алган бурч каралыш керек. Көргөзмө бурч балдар өз иштерин оңой алып, кайра ордуна коё алган бийиктикте, ата-энелер көрүүгө мүмкүн болгон жерде орун алышы керек [4, 32-б.].

Тайпадагы ар түрдүү зоналарды жасалгалоонун өзгөчөлүктөрү. Бала бакча бөлмөлөрүнүн интерьери, так көрүнгөн карама-каршылык болбош үчүн ар түрдүү түстөр чеги менен берилиши керек. Бөлмөлөрдө люминесценттик чырактарды колдонуу сунушталбайт, максималдуу түрдө табигый жарыкты колдонуу жакшы.

Түстүн берилиши. Бул мейкиндик чектерди жоюуга жардам берет жана интерьерде гармонияны жаратат.

Балдар психологдору кызыл түстү активдүү колдонууга чакырышпаганга **көңүл бургула**! Себеби анын ашыкча колдонулушу агрессияга жана нервдик козгонууга алып келет. Ал эми жашылдын бардык түрлөрү тынчтыкка алып келет, маанайды көтөрөт жана баланын психикасына жакшы таасир берет

Оюн зонасы. Оюн зонасын ачык көк, сары, ток сары жана жашыл түстө жасалгалоо керек. Бул ойноо активдүүлүгүн көтөрөт. Кенже тайпаларда интерьер жомокту элестетиши керек, бул балдарда шайыр маанайды түзөт жана алардын элестетүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Тамактануучу жайды окуу же оюн бөлмөсү менен бирге болгонуна жараша жасалгалоо керек. Эмерек ыңгайлуу жана бекем, экологиялык жактан таза материалдардан болуусу зарыл.

Уктоо бөлмөсү. Маанилүү аспект – бул күндүзгү уйку үчүн орунду уюуштуруу. Физикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүгү боюнча балдар бат чарчашат. Ушуга байланыштуу алардын активдүүлүгү эс алуунун сапатына көз каранды.

Керебеттер баланын боюна ылайыктуу болуп, матрастар ыңгайлуу жана анчалык жумшак болбоосу керек. Пружиналык буюмдарды колдонуу толук түрдө тыюу салынат, себеби алар омуртканын кыйшаюусуна алып келиши мүмкүн.

Уктоочу бөлмөдө ачык жана козгоочу түстөрдү колдонууга болбойт, анын ордуна пастелдик тондогу түстөрдө жасалгалоо жакшы чечим болуп саналат.

Беттөөчү материалдар жана жабдуулар. Бала бакчанын дубалдарын дубал кагаз менен жабдулоого болбойт. Бардык жерлер жакшы жуулунушу жана тазаланышы керек. Оюн зонасына мультфильм каармандары же тамашалуу жаныбарлар тартылган дубал сүрөттөрүн пландоого болот.

Уктоочу бөлмөгө пластик панельдер туура келет. Бала-бакчада көп билинбеген фактурадагы декоративдик шыбак болуусу мүмкүн. Окуу зонасы ачык тондо, декорго басым жасалган жасалгалоо мүмкүн [4, 67-б.].

Полго максималдуу коопсуз жана жагымдуу жабдуу колдонуу керек. Бул орто түктүү килем менен төшөлгөн ачык түстөгү ламинат болуусу мүмкүн.

Бала-бакчадагы бардык эмерек балдардын боюна жана талабына ылайыктуу болуусу тийиштүү. Мындан тышкары буюмдар көңүлдү бурган, ачык жана кызыктуу болуусу керек. Эгер чыныгы жыгачтан жасалса, абдан жакшы.

Эгер керебеттер эки ярустуу болсо, экинчи ярус сөзсүз түрдө тосмолору менен болушу керек. Мындан сырткары, уктоо бөлмөсүндө кийим сактоо үчүн шкафчиктер болуусу керек.

Оюн зонасы ар түрдүү жасалгаланат, эң жакшы вариант – жумшак пуфиктерди, ошондой эле оюнчуктарга текчелерди колдонуу эсептелинет.

Тайпанын окуу бөлүмүнө, көп учурда, окууга арналган китептер, дептерлер жана башка шаймандар үчүн ачык шкафтар, отургучтары менен чоң эмес парталар коюлат. Тарбиячыга иш орунун кароону да унутпоо керек.

Бала-бакча дизайнында текстиль негизги ролду ойнойт, ал бөлмөнү үйгө окшоштурат. Жеңил жана ачык түстөгү пардаларды тандоо, ага кошо жайлуулук тартуулаган салфетка, сүргүл жана дасторкондор менен толуктоо жакшы.

Бөлмөлөрдөгү декордо коопсуз жана сынбаган элементтер керек. Буга оюнчуктар туура келет, бирок аларды окуу зонасына коюуга болбойт, андай болбосо балдар алагды болушат.

Бала-бакча дизайнын жасалгалоого тирүү өсүмдүктөр да жардам берет, аларды балдардын колу жетпеген бийиктикте карапаларга (вазон) жайгаштыруу ылайыктуу [4].

Жыйынтыгында, мектепке чейинки билим берүү мекемесинин туура дизайндык жасалгалоосу сөзсүз түрдө баланын бат көнүшүнө да, тарбиячынын моралдык көтөрүмдүүлүгүнө да оң таасир берет деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. Психологический очерк. 3-ие издание. - М: Просвещение, 1991. - 356 с.
2. Лыкова И.А. Изобразительная деятельность в детском саду: планирование, конспекты занятий, методические рекомендации. - М.: «Карапуз-дидактика», 2007. - 207 с.
3. Малова Р.З. 100 вариантов дизайна окон. - Ростов - на - Дону: Феникс, 2005. - 256 с.
4. Пантелеев Г. Н. Детский дизайн. – М.: КАРАПУЗ-ДИДАКТИКА, 2006. – 192с

УДК: 373.24
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-286-289

**Куканова М.А., Абдраева Н.Э., Сегизбаева Н.К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, доц.м.а,
И.Арабаев атындагы КМУнун ага окутуучусу
**Куканова М.А., Абдраева Н.Э., Сегизбаева Н.К.**
и.о.доц. КГУ им. И.Арабаева
Старший преподаватель КГУ им. И.Арабаева
**Kukanova M.A., Abdraeva N.E., Segizbaeva N.K.**
Acting Assoc. KSU named after I. Arabaeva
KSU named after I. Arabaeva Senior Lecturer

## ОРУС ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК КУРСУНДА КОЛДОНУУ ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ АНЫК ТЕКСТТЕРДИ ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

## КРИТЕРИИ ОТБОРА УЧЕБНЫХ АУТЕНТИЧНЫХ ТЕКСТОВ ДЛЯ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НА ПРАКТИЧЕСКОМ КУРСЕ РУССКОГО ЯЗЫКА

## CRITERIA FOR THE SELECTION OF EDUCATIONAL AUTHENTIC TEXTS FOR USE IN THE PRACTICAL COURSE OF THE RUSSIAN LANGUAGE

**Аннотация:** Макалада коммуникативдик-лингвистикалык инсандын калыптанышы, тактап айтканда, орус тил сабактарында колдонула турган окуу тексттерин тандоо, аларды тандоо критерийлери иштелип чыккан. Психологиялык-педагогикалык адабияттарды жана авторлордун тажрыйбасын талдоонун негизинде орус тилиндеги сабактарда тексттерди тандоо критерийлери боюнча сунуштар берилет. Студенттин инсандыгы көрсөтүлөт, аны биз бир катар жеке жана кесиптик сапаттарга ээ адис катары көрөбүз.

**Аннотация:** В статье раскрываются вопросы формирования коммуникативно-языковой личности, в частности, отбора учебных текстов для использования на занятиях русского языка, и разработки критериев их отбора. На основе анализа психолого-педагогической литературы и опыта авторов, приведены рекомендации критериев отбора текстов для применения их на занятиях русского языка. Показана личность студента, которую мы видим как специалиста, обладающего рядом личностных и профессиональных качеств.

**Annotation:** The article reveals the formation of a communicative-linguistic personality, in particular, the selection of educational texts for use in the Russian language classes, and the development of criteria for their selection. Based on the analysis of the psychological and pedagogical literature and the experience of the authors, recommendations are given for the criteria for selecting texts for their use in Russian language classes. The personality of the student is shown, which we see as a specialist with a number of personal and professional qualities.

**Негизги сөздөр:** эки тилдүүлүк, компетенттүүлүктү калыптандыруу, тилдик инсандык, текст, текстти тандоо критерийлери, сүйлөө ишмердүүлүгүнүн түрлөрү, инсанга багытталган окутуу.

**Ключевые слова:** двуязычие, формирование компетенции, языковая личность, текст, критерии отбора текста, виды речевой деятельности, личностно-ориентированное обучение.